ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ КРУИАНЫН МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН УЛУТТУК БОРБОРУ

Д 10.07.341 ВЕДОМСТВОЛОР АРАЛЫК ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

**Кол жазма укугунда**
УДК 398.1; 398.22

**ЖЕЕНБАЕВ ГЫЛАМИДИН ТАШПОЛОТОВИЧ**

# МОЛДО НИЯЗДЫН АКЫНДЫК ЧЕБЕРЧИЛИГИ

Адистиги 10.01.01 – кыргыз адабияты

**Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2008

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн тилдеринин, адабиятынын теориясы жана методикасы кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин кандидаты Б.Кебекова

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор А.И.Мусаев

филология илимдеринин кандидаты Ш.А.Искендерова

**Жетектөөчү мекеме:** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасы.

Диссертациялык иш 2008-жылдын 18-апрелинде саат 15⁰⁰ дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен КРУИАнын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборуна караштуу түзүлгөн филология илимдеринин доктору (кандидаты) деген окумуштуулук даражаны коргоо боюнча Ведомстволор аралык Д 10.07.341 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071, Бишкек шаары, Манас проспектиси, 101

Диссертациянын кол жазмасы менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2008-жылдын «18» февралында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент** **Н. Сыдыков**



## ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Ар бир эл тарыхый өнүгүү жолунун ар башка баскычтарында өзү жашаган доордун реалдуу тарыхый-коомдук түзүлүшүнө, социалдык-саясий өзгөчөлүгүнө, территориялык шартына, жашоо ыңгайына, каада-салт, үрп-адатына, дүйнөнү кабыл алуу, ой-жүгүртүү жөндөмүнө, жалпы эле көркөм табитине ылайык өз рухий маданиятын түзүп, азбы-көппү дүйнөлүк маданияттын кенчине салым кошот. Натыйжада, адамзаттын рухий турмушунда бүткүл дүйнөлүк жалпы маданий мурастын олуттуу компоненттери орун алат. Ал эми ар бир коомдук түзүлүш жараткан маданий, адабий байлыкка чыгармачылык менен этият мамиле жасап, аларды элдик кенчке айланткан муун гана ал дөөлөттөрдүн чыныгы мураскору болуп кала берет.

Кыргыз эли - өткөндөгү калк мурасын сактап, ченемсиз маданий байлыкка ээ болгон калктардын бири. Сөзсүз, көлөмү, көркөмдүгү жагынан теңдеши жок «Манас» үчилтигин, «Эр Төштүк», «Курманбек», «Жаныш, Байыш», «Кожожаш» сыяктуу ири эпосторду, өткөн мезгилде жашаган Ак Мөөр, Каптагайдын кызы (Качкан кыз), Эр Эшим өңдүү реалдуу тарыхый адамдардын өмүр баянынын нугунда түзүлгөн көптөгөн поэмаларды жаратып, өнүктүрүп, бизге жеткирген - төкмө акындар, таланттуу адамдар, эски муундун көчүн улантып, эсинде сактап калган куйма кулак айтуучулар, маалымдоочу-кабарчылар. Али да айрым таланттуу адамдардын жомок, аңгеме, тарыхый окуялардын негизинде дастандык чыгармаларды жаратып жатышы - тоо башынан башат алган тунук булактын жылжып агып, соолбой келе жаткандыгынын күбөсү.

Адабият таануу илиминде акындар чыгармачылыгын изилдөөнүн жаңы барагы ачылып, буга чейин изилдөө объектисине алынбай, алынса да бир жактуу каралып келген ырчы, акындардын чыгармачылыгын калыс баа берилип, тоталитардык бийликтин өкүмү жүрүп турганда калыптанган көз караштын жаңылана баштагандыгы К.Асаналиев, К.Артыкбаев, А.Эркебаев, М.Борбугулов, Б.Кебекова,

О.Сооронов, К.Даутов, Н.Бегалиева, А.Обозкановдордун [1] изилдөөлөрүнөн, макалаларынан даана сезилип турат. Ал эми жогоруда белгилегендей, жазгыч акындардын чыгармачылыгын иликтөө маселеси өткөн мезгилде бир топ бөксөрүп келгендиги талашсыз. Муну менен жазгыч акындар бизге чейин изилденген эмес деген ойдон алыспыз. Алсак, Молдо Кылычтын чыгармачылыгы боюнча Тазабек Саманчин тарабынан жазылган эмгек өзүнүн материалдык талдоо, жалпылоо, теориялык деңгээли боюнча жазгыч акындар чыгармачылыгын изилдөөнүн башатында туруп, алиге чейин өзүнүн маанисин жоготкон жок. Бирок бул жигердүү окумуштууга XX кылымдын 50-жылдарында эскичил акындарды, замана идеясын, идеялизациялаган адабиятчы катары саясий күнөө тагылып, репрессияга учурашы адабият таануу илиминин туура багытта өнүгүшүнө кедерги болгондугу анык. Жазгыч акындардын чыгармачылыгын изилдөө кийинки жылдарда деле уланып келгендигине карабастан, айрыкча 50-жылдардан кийин изилдөө объектиси көбүн эсе жазгыч акындардын ичинен Тоголок Молдо, Ысак Шайбеков, Токтораалы Талканбаев өңдүү төрт-беш акынга гана бурулган өңдүү. Бирок жалпысынан жазгыч акындардын ири өкүлдөрү Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо сыяктуу жана Жаныш, Токтогазы Жусупбеков, Молдо Багыш, Ысмайыл Сарыбаев ж.б. иликтөө объектисине толук тартылбагандыктан, жазгыч акындардын чыгармачылык табияты, ой жүгүртүү, жалпылаштыруу бөтөнчөлүктөрү, көркөм ыкма, стилдик курулмалары, тилдик өзгөчөлүктөр, сөз байлыгынын ар кырдуулугу ачылбастан кала бергендей.

Азыркы эгемендик өнүгүүнүн шартында, эң негизгиси - кыргыз элинин өзүнө таандык менталитеттик көрөңгөлөрдү аңдап-билүү, баалоо зарылдыгы пайда болуп турган чакта, XIX кылымда

[1] Асаналиев К. Башат. //Кыргызстан маданияты. –1989. – 24 август; Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. – Ф.: Мектеп, 1991. – 45-б.; Эркебаев А. Мало изученные страницы и истории кыргызской литературы. – Б.: Шам, 1999. – 124-б.; Борбугулов М. Адабият теориясы. – Б.: Шам, 1996. – 126-б.; Кебекова Б. Арстанбек. – Б.: Илим, 1994. – 26-б.; Сооронов О. Кыргыз жазма мурастарынын башаты. Китепте: Санат дигарасттар. – Б.: Учкун, 1993. – 16-б.; Даутов К. Таланттар жана тагдырлар. – Ф.: Адабият, 1988. – 150-б.; Бегалиева Н. Арстанбектин өмүрү жана чыгармачылыгы. – Б.: Шам, 1998. – 12-б.; Обозканов А. К.Акиевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик: Филол. илим.канд…. Автореферат. – Б., Илим,1999. – 3-б.



жашаган Молдо Нияздын чыгармачылыгы - алгач кыргыз жазмасынын кагазга түшүшүнүн фактысы катары эле уникалдуу көрүнүш. Ошондуктан аны изилдөө объектиге тартуу зарыл да, өтө маанилүү да.

Молдо Нияздын чыгармачылыгы көркөм-поэтикалык гана эмес, тарыхый, философиялык, тилдик да үлкөн мурас болуп саналат. Ошол себептен бул тема өзүнүн көп багыттуулугу, актуалдуулугу менен айырмаланат. Алсак, таптык идеологияга багындырылган мезгилдеги бир жактуу көз караштарды кайра карап чыгып, объективдүү баа берүүдө жана элибиздин рухий турмушу жалаң эле социалдык мазмунда эмес, гуманисттик-философиялык жана элдик-демократиялык маанайда да өнүгүп келгендигин аныктоодо Молдо Нияздын чыгармаларынын мааниси зор. Акындын ырларындагы фактыларга таянуу менен калктын тарыхындагы айрым ак тактарды тактоо, тарыхый инсандарга калыс баа берүү мүмкүнчүлүгү бар. Албетте, ар бир мурастан, анын ар бир көрүнүшүнөн чыныгы баалуу көрөңгөнү көрө билүү, баалай билүү зарыл.

**Жогоруда белгиленген проблемалардын негизинде диссертациялык иштин алдына төмөнкүдөй максаттарды жана милдеттерди койдук:**

- Молдо Нияз жашап өткөн тарыхый доор, XIX кылымдагы маданият, адабият, билим алуу багытындагы айрым көрүнүштөр;
- акындын чыгармачыл инсан катарында калыптанышына өбөлгө түзгөн ички, сырткы шарттар;
- Молдо Нияздын чыгармачылыгындагы боорукерлик, кайрымдуулук, калыстык, чынчылдык сыяктуу моралдык-этикалык идеялардын ээлеген орду, калкты «тазартуудагы» мааниси;
- анын чыгармачылыгында замана проблемасынын көтөрүлүшү, башка төкмө жана жазгыч акындардын ырлары менен болгон жалпылыгы жана өзгөчөлүгү;
- акындын тарыхый окуяларды, тарыхый инсандарды берүүдөгү маалыматтуулугу, калыстыгы, реалдуулугу;
- Молдо Нияздын ырларынын жанрдык жагынан ар түрдүүлүгү, оозеки поэзиядагы салттуулуктун уланышы жана төкмөчүлүктүн орун алышы;
- анын кол жазмаларынын ичкилик говорунун үлгүсүн түзгөндүгү.

Бул милдеттер диссертацияда көтөрүлгөн жалпы проблеманын мүнөзүнө ылайык обзордук жагдайда каралат.

**Илимий иштин теориялык жана практикалык мааниси.** Акындын чыгармачылыгын иликтөөнүн теориялык мааниси кыргыз поэзиясында жазмачылыктын пайда болуш булактары, материалды берүү, образ түзүү ыкмасы, тилдик, стилдик өзгөчөлүгү, оозеки поэзиядагы салттуулук менен айкалышы, жазмачылык менен төкмөчүлүктүн катар жүрүшү сыяктуу маселелерди изилдөөгө негиз болуп берет. Ошондой эле, Молдо Нияздын чыгармачылыгынын иликтениши кыргыз элинин тарыхындагы көп бүдөмүк жагдайларды ачат, тарыхый окуяларга, өткөндөгү тарыхый инсандарга объективдүү баа берүү проблемасын көтөрөт. Жалпысынан XIX кылымдын экинчи жарымындагы калктын социалдык ал-абалы, дүйнөгө, коомго болгон көз карашы, диндик ишеними, адеп-ахлактык, нрава-этикалык түшүнүгү, каада-салты, калктын тарткан азап-тозогу жөнүндө реалдуу кабар берет. Ушунусу менен кийинки муундарга элдин өткөндөгү тарыхын туура түшүнүп, туура баалоого мүмкүндүк түзөт. Изилдөөнүн материалдарын жана жыйынтыктарын жогорку окуу жайларында атайын курстарды өтүүдө, ырчылар чыгармачылыгы боюнча окуу куралдарын түзүүдө колдонууга болот.

**Коргоого коюлган негизги жоболор:**

1. Молдо Нияздын чыгармачылыгын изилдөө өткөндөгүнү таанып-билүүнүн жаңы зарылдыктарын, багыттарын, чен-өлчөмдөрүн аныктоого жардам берет.

2. Кыргыз тарыхындагы чыгармачыл инсандардын, айрыкча, XIX кылымда жашаган элдин көз караштары жана умтулуулары жөнүндөгү түшүнүктөрүбүз алда канча кеңеймекчи.

3. Кыргыздардын Россия империясынын курамына киришинде учурунда «жар салынып» келген «ыктыярдуу кошулуудан» башка да жагдайлар бар экендигин далилдеген маалыматтар айкындалмакчы.

4. Айрым тарыхый инсандарга баа берүү критерийи жаңыланмакчы.

5.Ичкилик кыргыздардын тилдик өзгөчөлүктөрү, дегеле, кыргыз жазмачылыгы тууралуу алгач маалымат берген - жалгыз жазма эстелик.

6. Молдо Нияздын чыгармалары өзгөрүүгө учурабай, «таза» сакталышы менен баалуу. Анткени акын кылымдар бою калктын аң-сезиминде, руханий байлыгында түптөлүп, өнүгүп келген элдин нукура идеяларын ыңгайлуу шартка карата өзгөртпөстөн, түп нускасында жаңылабастан берген. Алардын ыйыктыгын, өз мезгилинин нукура көз карашын сактаган.



Диндик ишеним-түшүнүктөрдү, айрым окуя-инсандарды өз доорунун тутумунда обьективдүү чагылдырган. Жадагалса, чыгармаларындагы образдык–эмоционалдык элестөөлөрдү да өз мезгилинин деңгээлинде бекем кармап, жаңылабайт. Кыскасы, Молдо Нияздын идеялары, ой жүгүртүүлөрү XIX кылымдагы кыргыз коомчулугунун күзгүсүн түздү. Ошондуктан акындын чыгармачылыгы ар тараптуу изилденүүгө муктаж. Ошондой эле, Совет мезгилинде кыргыздардын Россияга кошулушун түрдүү боек менен боеп, аябай коздоп, идеологияга ылайыкташтырып оңдоп чыккан илдеттерден Молдо Нияздын чыгармалары жана идеялары аман калды. Ошонусун алганда деле анын санаттары баа жеткис мурас болуп саналат.

Демек, өзү жашаган мезгилдин орчундуу проблемаларын чыгармачылыгында объективдүү чагылта алгандыгы, маалыматтарынын реалдуулугу менен Молдо Нияздын чыгармалары өтө баалуу. Ал - белгилүү даражада эл массасынын, өз мезгилинин улуу инсаны.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы.**

– Молдо Нияздын санаттарындагы маалыматтарга таянуу менен кыргыз тарыхындагы айрым ак тактарды тактоого, Алымкул, Дыйканбай өңдүү тарыхый инсандарга чыныгы өз түспөлүндө талдоого аракет жүргүзүлдү

– Акындын сүрөткерлик чеберчилигин, идеялык, тилдик, стилдик өзгөчөлүгү, ыр жаратуу ыкмаларын жеткиликтүү деңгээлде анализдөөгө далалат болду жана ишке ашырылды.

– Молдо Нияздын тили жөнүндө сөз козгоодо, ичкиликтердин тилдик өзгөчөлүгүн (фонетикалык, лексикалык) карап чыгылды.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Иштин негизги мазмуну ОшМУнун, БатМУнун, ЖаМУнун илимий-теориялык конференция-ларынын жыйнактарында чагылдырылган. Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун акындар поэзиясы бөлүмүндө талкууланган.

**Иликтөөнүн методдору жана материалдары.** Иштин теориялык-методологиялык негизин чыгыш адабиятын изилдөөнүн ири адистери Көроглы, Б.Э.Бертельс жана төкмөлүк өнөрдү, жазгыч акындардын чыгармачылыгын иликтеген Е.Исмаилов, М.Богданова, Тазабек Саманчин, Ж.Таштемиров, Б.Кебекова, Р.Бердибаев ж.б.

эмгектери түздү. Диссертациянын предметин ырчылардын, Молдо Нияздын жарык көргөн жыйнактары, Ош мамлекеттик университетинин жамааты тарабынан Молдо Нияз жана башка акындар боюнча эл арасынан жыйналган маалыматтар, диссертанттын өзү чогулткан материалдары түздү. Акын жашап өткөн доордогу тарыхый кырдаалды мүнөздөөдө Б.Жамгырчинов, К.Үсөнбаев, Д.Айтмамбетов, Ө.Асанканов ж.б. тарыхчылардын эмгектери зор көмөк болду. Натыйжада, адистер тарабынан акындык өнөр боюнча айтылган жалпылоолор, тыянак жоболор белгилүү даражада диссертациялык иштин методикалык негизин түздү.

**Илимий иштин жаңылыгы.** Молдо Нияздын чыгармачылыгы боюнча системалуу жүргүзүлгөн - алгачкы изилдөө. Анын дүйнөгө болгон көз карашы, ар тараптуу чыгармачылык изденүүлөрү комплекстүү иликтөөгө алынды, өмүр баянынын айрым бүдөмүк жактары тактала. Кыргыз адабиятынын тарыхында ээлеген орду белгиленип, ырларын алгач кагазга түшүргөн, өзүнө таандык чыгармачылык өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган оригиналдуу акын жана коомдук инсан экендиги аныкталды.

**Басмадан чыккан материалдар.** Диссертациялык иштин мазмуну 3,5 басма табактан турган китепчеде, 9 макалада, 3 тезисте жана 2 гезиттик материалдарда чагылдырылган.

**Диссертациялык иштин структурасы жана көлөмү.** Диссертация кириш бөлүмдөн, эки главадан турат. Экинчи глава 4 параграфтарга ажыратылган. Акырында корутунду жана адабияттар берилген. Иштин жалпы көлөмү 173 беттен турат. Колдонулган адабияттардын саны – 118.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** илимий ишке жалпы мүнөздөмө берилип, иликтөөгө алган проблеманын актуалдуулугу негизделип, иштин максаты жана милдети, методологиялык негизи, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси белгиленет.

**1 глава «XIX кылымдагы кыргыз элинин тарыхый, адабий жана маданият жагындагы айрым өзгөчөлүктөр»,** – деп аталат. Бул главада кыргыз тарыхындагы адабият, маданият багытында өткөн доордогу элибиздин эки тараптан (ички жана сырткы) коомдук - саясий, экономикалык, социалдык абалы чагылдырылган. Ал доордун социалдык маселелери фольклордо, акындар



чыгармачылыгында да кеңири чагылгандыгы көзгө түшөт. Эл оозунда сакталган лирикалык ырларга (арман, кошок) тарыхый уламыш, аңыз-аңгеме, санжыралардагы деректерге, көптөгөн кабарчылардын маалыматтарына, төкмө, жазгыч акындардын чыгармаларына серел салганда жана Кыргызстанда болгон саякатчылардын, орус окумуштууларынын эскерүүлөрүнө, согуш кызматкерлеринин билдирүүлөрүнө, Түркстан газета, ведомостуна жарыяланган кабарларга, кат-кабар сыяктуу документалдуу-архивдик материалдарга, тарыхчы,[1] адабиятчылардын[2] иликтөөлөрүнө таянганда башка Орто Азия, Казакстан элдери сыяктуу эле, кыргыздардын да Кокон бийлигинин ич ара араздашып, тынымсыз кандуу кармашуу, хандыктын колдон-колго өтүп алмашуулары менен коштолгон деспоттук саясатынан жабыркап, моралдык-материалдык кысымчылыкка учурагандыгы аныкталат.

Ал эми Молдо Нияздын чыгармачылык өнөрканасынын, саясий көз карашынын калыптанышы – ошол өз доорунун тарыхый окуяларына, тарыхый инсандардын жасаган иштерине эриш-аркак. Бул акындын Алымкул, Алымбек, Курманжан датка жана анын балдарына арнаган ырларында ачык байкалат. XIX кылымдын 40-жылдары белгилүү деңгээлде Кокон хандыгы саясий жана экономикалык жагынан көтөрүлүп, сырткы таасири артат, аймагын кеңитет.

Кыргыз жергесине орус бийлигинин орношу менен деле кой үстүндө торгой уялаган заман орногон эмес. Албетте, кыргыздардын Россиянын курамына кошулушу менен өлкөнүн административдик бөлүнүүлөрүнө, башкаруу, соттук системага өзгөрүүлөр кирип,

---

[1] Джамгырчинов Б. Присоединение Киргизии к России. – Москва Наука, 1959; Джамгырчинов Б. Очерки политической истории Киргизии XIX века. – Фрунзе Илим, 1966; Усенбаев К. Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского ханства. – Фрунзе, 1961; Плоских В.М. Киргизы и Кокандское ханство. –Фрунзе: Илим, 1977.

[2] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – Б., Мектеп 1993. – 2-т. – 152-168-б. Саманчин Т. Колониялык доордогу кыргыз адабияты // Советтик адабият жана искусство. – 1941. – № 5; Тазабек Саманчин уулу. Арстанбек // Советтик адабият жана искусство. – 1941. – № 6; Богданова М., Рахматуллин К., Жакишев ө., Саманчин Т. Кыргыз адабиятынын очерктери. –Ф.,Мектеп 1943 (Китептин «Колониялык доордогу адабият» бөлүмү Т.Саманчин тарабынан жазылган)». М.Богданова Киргизские акыны XIX и начала XX веков // Киргизстан (Литературно-художественный альманах). – Ф.,Наука 1946, – 38-43-б.; Кебекова Б. Арстанбек (адабий мүнөздөмө). – Б.,Илим 1994.

патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн жол-жобосуна негизделген ата уулдарынын чексиз бийлиги чектөөгө алынат. Молдо Нияздын чыгармачылык өнөрканасы социалдык көз карашы, философиялык арымы жогоркудай карама-каршылыктуу тарыхый жагдайда, бай адабият жана маданият чөйрөсүндө, мусулман окуусунун алкагында калыптанат. Албетте, анын чыгармачылык чеберчилиги, сүрөткерлиги бул же тигил тарыхый окуяга, тарыхый инсандарга, оторчулук бийликке болгон мамилеси, адеп-ахлактык түшүнүгү, турмуш-тиричилик баамы, айлана-чөйрө, жаратылыш кубулуштарын кабылдоосу, диндик ишеними чыгармаларын конкреттүү анализге алууда ачыла турган маселелерден.

**Экинчи глава «Молдо Нияз Эрназар уулунун сүрөткерлик, чыгармачылык өмүр баяны»** – деп аталып төрт параграфтан турат. Молдо Нияз Эрназар уулунун чыгармачылыгы системалуу түрдө алгач изилдөө объектисине алынып жаткандыктан, анын өмүр баянына, ата-тегине, алган билимине, акындын өнөрканасынын калыптанышындагы чыгармачылык ички жагдайларга токтолот. Ырчынын туулган жылы жөнүндө изилдөөчүлөр эки датаны 1820 жана 1823-жылды көрсөтүшөт. Ал эми дүйнөдөн кайткан жылын 1896-жылы деп белгилешет. Иликтөөчүлөрдүн эмгектерине, Өзбек Республикасынын Улуттук илимдер академиясы (ӨРУИА) кол жазмалар корундагы материалдарга, ырчы жашап өткөн айылындагы карыялардын, тууган-уруктарынын баяндоолоруна, ырчынын санаттарына таянып, Молдо Нияз 1823-1896-жылы эмес, 1823-1900-жылдар аралыгында жашаган деген так бүтүмгө келдик.

Молдо Нияздын ата-тегинин санжырасы тууралуу да белгилүү деңгээлде даректүү маалыматтар бар. Молдо Нияз – найман уруусунун ичинен каранайман. Наймандардын уруу бөлүнүштөрү тууралуу санжыралык материалдар табылган.[1] Ошол боюнча тактай келгенде Молдо Нияздын чоң уруусу – найман, айыл уруусу – каранайман, кошон – уругу. Ал эми кошондордон тараган Молдо Нияздын ата-бабаларын санасак: акындын наркы – Булут бий, мушту – Сумбул бий, жетеси – Дулдул бий, жотосу – Сазан бий, кубары – Кочкор бий, бубасы – Молдо Рахман, бабасы – Кошон, чоң атасы –

[1]Өтө майдалап, чаташып калбасын деген максатта бул же тигил атадан тарагандардын бардыгын тизмектеп отурбастан, бирден гана атоону туура көрдүк – Г.Ж.



Күйүк, өз атасы – Эрназар. Молдо Нияз ырчыдан тарагандар: баласы – Мурзакул, небереси – Бекмурза, чөбөрөсү – Сыдык, кыбырасы – Эшим (Бирден гана аталды – Г.Ж.).

Молдо Нияздын калк «молдо» атаган. Байкоого караганда, бул анын сабаттуулугуна карата гана берилген бир жактуу ысым болбосо керек. Ырчынын «молдо» аталып калышы, биринчиден, анын ата-тегинде илим-билимдүү молдолордун болгондугу менен байланышса, экинчиден, ал дин жаатындагы илимдүү адамдан болуп, эл алдында бул жагдайда аңгеме-дүкөн кура алган сабаттуулугу, андыктан анын санаттарынын бир катары шарияттын жолуна багытталгандыгы менен түшүндүрүлөт.

Молдо Нияздын ырчылык чеберчилигинин артышына анын саякатчылыгы – Кыргызстандын аймагы гана эмес, чет өлкөдө, тажик, өзбек сыяктуу коңшу элдерде да болуп, көп адамдар менен баарлашкандыгы да өбөлгө түзгөн. Анын өмүр таржымалы, кыдырган жерлери, баарлашкан журт адамдары санаттарында маалымдалат. Молдо Нияздын саякатчы акын десек да болот. Анткени өткөн кылымдарда ал сыяктуу кеңири аймакты кыдырган кыргыз ырчысы болбосо керек. Муну, жогоруда белгилегендей, санаттары ачык кабардап турат. Анын жер кыдырышы тууралуу эл оозунда да уламышка айланган сөздөр арбын. Молдо Нияздын баскан жолу Кыргызстандын түндүк, түштүгү, Анжыян, Наманган, Фергана, Маргалаң, Риштан сыяктуу кеңири аймакты камтыган. Кашкар, Казакстан, Тажикстанда болуп, көргөн-билгендерин ырларында чагылдырган.

Жыйынтыктай келгенде, Молдо Нияздын өмүр баяны, чыгармачылык жолу, жашап өткөн доору узак да, кызыктуу да, татаал да. Басып өткөн өмүр жолуна, замана – мыйзамына, көргөн билгендерине, социалдык, турмуштук, диндик, адеп-ахлактык түшүнүктөрүнө, талант күчүнө карата чыгармачылык өнөрканасы башат алып калыптанган.

**1-параграф «Молдо Нияздын «Санат дигарасттарында» тарыхый окуялардын жана тарыхый инсандардын чагылышы»** – деп аталып, орус аскерлеринин Чымкент, Ташкенди алган учуру (1865), Фергана кыргыз, кыпчактарынын бир бөлүгүнүн Кудаярхандын кысымына чыдай албай, Сарколго качышы, Кашкар бийлөөчүсү Якуб бектин аларга жасаган деспоттук мамилеси ж.б. өзү күбө болгон тарыхый окуялардын тизмеги баяндалгандыгын белгилейт. Ошондой эле, анын чыгармасын азырынча ошол

мезгилдин тарыхый жана саясий окуялары тууралуу калктын карапайым өкүлү тарабынан түзүлгөн алгачкы эстелик катарында жалаң гана адабиятчылар эмес, тарыхчылардын да көңүл буруусуна татыктуу деп эсептейт.[1] Молдо Нияздын санаттарында аталган тарыхый адамдардын ар биринин өз доорунда белгилүү деңгээлде ээлеген орду, көтөргөн жүгү бар. Анткени ал өзүнүн узак саякатчылык өмүрүндө канча бир жерден даам сызып, түнөк алгандыгы айтылат.

Ырчы XIX кылымдын саясий, коогалаңдуу чордонунда кайнап, өз доорунун тарыхый шартына, социалдык ал-абалына, коомдук түзүлүшүнө, диний, адеп-ахлактык түшүнүгүнө карата турмуштук орду, көз карашы калыптанган тарыхый инсандарга акын реалдуу баа берген. Тоталитардык системанын өкүмү жүрүп турган мезгилде Шабдан, Курманжан, Боромбай, Балбай, Чыныбай, Байтик, Алымбек сыяктуу саясий бийликке аралашкан тарыхый инсандар түгүл, Калыгул, Арстанбек, Солтобай, Кылыч, Калмырза өңдүү көркөм сөздүн устаттары да оозго алынбай, алынса да, бир жактуу бааланып, объективдүүлүктөн четте турса, Молдо Нияздын санаттарында берилген тарыхый инсандар «таза» түрүндө сакталып, саясаттын колу жетпегендиги, ошол кездеги тарыхый чындык менен шайкеш келип тургандыгы менен баалуу. Буга бир ачык мисал: Молдо Нияз бул же тигил тарыхый адамды чыгармага киргизүүдөн мурун өз көзү менен көрүп, аңдап билип, жүзмө-жүз жолугушуп, сүйлөшүп, тыкандык менен байкоо салган. Анын элге болгон мамилесине, кулк-мүнөзүнө, кайрымдуулугуна көңүл буруп, чындыгына көзү жеткенде гана ырга кошкон түрү бар.

Демек, Молдо Нияздын санатынан орун алган жогоркудай фактылар өткөндөгү тарыхый инсандарды баалоо критерийин жаңылап, кайрадан изилдей турган жагдайлардын бардыгын аныктап турат. Акындын кандай адамдарды баяндоо объектисине алгандыгы ырларынан ачык орун алат, тарыхый маалымат берет.

**2-параграф «Молдо Нияздын дүйнөгө болгон көз карашы жана замана проблемасы».** Ырчы өз мезгилиндеги билимдүү, билесемдүүлүгү кенен, алгачкы ойчул жазгыч акындан болуп, өз санат дигарасттарында диндик, адеп-ахлактык, моралдык-этикалык,

[1] Юнусалиев Б.М. Отражение диалектных особенностей в санатах Молдо Нияза // Тюркологические исследования: Сборник статьей, посвященный 80-летию Академика Константина Кузьмича Юдахина. – Ф.: Илим, 1970. – 50-с.



нрава-эстетикалык, үй-бүлөлүк, турмуш-тиричилик, коомдук-социалдык орчундуу маселелерди козгоп, ар тарапка терең ой жүгүртүп, айрым маселелер боюнча философиялык деңгээлдеги жыйынтык, корутундуларын берген.

Академик А.Эркебаевдин Молдо Нияздын көз карашы ислам дининин канону жана чыгыш философиясынын салтынын негизинде калыптанган деген ою – анын санаттарына реалдуу байкоо салуудан келип чыккан пикир. Чындыгында, автордун санаттарында көтөрүлгөн көп маселелер мусулманчылыктын жол-жобосунун нугунда талкууланат.

Молдо Нияздын чыгармачылыгындагы эң урунттуу тема – падышалык Россиянын кыргыз жергесине кирип келип, өз бийлигин орнотуу үчүн күч жумшашы, айрыкча түштүк жергесинде карапайым калктын эки бийликтин – Кокон хандыгынын, орус өкмөтүнүн, ортосунда калып, эки тараптан кысымга учурап, ары удургуп, бери удургуп, каякка барып баш калкаларын билбей, чайналып турган учуру. Жогоркудай кыргыз элинин тарыхындагы катаал мезгил Молдо Нияздын чыгармачылык багытына да кескин бурулуш жасады. Ал орустарды дини бөлөк, тили бөлөк, салт-санаасы башка калк катарында гана эмес, баскынчы катарында да көңүл ынатпайт. Акындын бул темадагы санаттарында орус бийлигинин орношу менен кыргыз жергесинде, коомчулугунда болуп жаткан турмуштук, коомдук-социалдык, адеп-ахлактык, нрава-этикалык өзгөрүүлөрдү чагылдырууда өз позициясын бекем туткандыгы, жеке саясий-социалдык, диндик, нрава-этикалык, нрава-эстетикалык көз карашынын бекемделгендиги ачык көрүнөт. Дегеле, Орто Азия жана Казакстан аймагында орус бийлигинин орношун, колонизатордук өкүмдарлыктын кулач жайышын карапайым калк жана эл тагдыры, ой-санаасы менен бирге жашаган коомдун алдыңкы катардагы ойчулдары эсептелген акындар да акыр заман, тар замандын келиши катарында эле кабыл алган. Замана ырын зарлап ырдап, калктын оор тагдырын, кайгы-муңун тең бөлүшкөн.

XIX кылымдын 2-жарымында замана темасы төкмө акындардын чыгармачылыгында да кеңири орун ала баштайт. Албетте, бул мезгилде замана ырларынын кеңири тармак жайып, калктын көркөм-эстетикалык табитинде кадимкидей орун-очок алышы кыргыз жергесине орус өкмөтүнүн колониалдык бийлиги орноп, замана-заңдын өзгөрүшүнө, элдин жайлуу конушунан ажырап,

тоо-ташка сүрүлүп, моралдык-материалдык жагынан кысымга учурашы ж.б. кырдаалга байлынышкандыгы белгилүү.

Ошондой эле, замана поэзиясы XIX жана XX кылымдын башында да акындар чыгармачылыгында салттуу тема катарында уланып, Солтобай, Тоголок Молдо, Алдаш Молдо, Сагымбай, Алтай Айдарбек уулунун ж.б. чыгармачылыгынан да орун алып, кыргыз ырчылар поэзиясынын тарыхында өзүнчө бир күрдөөлдүү форма катарында жашап келди.[1] Муну Б.Кебекова Калыгул, Арстанбектин ырларынын калктын калың катмарына кеңири сиңип, замана тематикасынын, ойлорунун калк арасына, акындар поэзиясында терең тамыр жайып кетишине 1916-жылкы калк башына түшкөн катуу мүшкүл, падыша өкмөтүнүн кысымынан жабыркап, өздөрүнө азаттык издеп, Кытайга үркөн кыргыздардын оор жоготуулары, массалык түрдө кырылган трагедиялуу тагдыры өбөлгө болгондугу менен түшүндүрөт.[2] Замана темасы Молдо Нияздын санаттарында да ачык көтөрүлүп, шарттуу түрдө төмөнкүдөй темаларга ажырайт: марттык, кайрымдуулук, меймандостук, достордун, тууган-туушкандын ынак мамилеси, эмгекчилдик, адеп-ахлак, нарк-нусканын сакталышы, журтту адилеттүү калыстык менен башкаруу, ыйман-ынсаптуулук, динди, шарияттын жол-жобосун бекем тутуу, үй-бүлөлүк мамиле, илим-билим алууга үндөө, адамдарды ынтымакка, адамгерчиликке, тазалыкка чакыруу, арзуу сезими, жакшы аялдын сын-сыпаты, сарамжалы, күлк-мүнөзү ж.б. Молдо Нияздын замана жөнүндөгү дагы бир көлөмдүү чыгармасы – Курбанжан датка, анын балдарынын тагдыры, сөөлөттүү, дөөлөттүү датка эненин орустардын келиши менен азаптуу күнгө, кайгы-капага бөлөнүшү жөнүндө.

Кыскасы, Молдо Нияз – өз заманынын акыны, анын санаттары өз мезгилинин адеп-ахлактык, диндик түшүнүгүн, эл башкаруу жол-жобосун, калктын социалдык ал-абалын, таалим-тарбиясын, каада-салт, үрп-адатын, орус оторчулук бийлигинин кыргыз жергесине орношун өзү, жеке автордук позициясы жана көз карашы менен чагылыштыра реалдуу баяндашы.

Корутундулаганда Молдо Нияздын санаттарында адамдын жакшы сапаттарын жыйынтыгы берилгендей ой калтырат. Алар - ак ниеттүүлүк, адамгерчилик, ынсаптуу ыймандуулук, токтоо эстүүлүк,

[1] Кебекова Б. Арстанбек, 83-б.
[2] Ошондо, 83-б.



кичипейил мээримдүүлүк, эмгекчилдик, боорукер кайрымдуулук, калкка камкордук, эрдик, билимдүүлүк, марттык ж.б. Булардын каршысында калкка кайрымсыз кара өзгөйлүк, таш боор өзүмчүлдүк, коркок пастык, бузуктук, чыккынчы жүзүкаралык, ач көз жегичтик, билимсиздик, канкордук, зулумдук, сараңдык, жалкоолук өңдүү терс көрүнүштөр ашкереленет. Акын ырлары аркылуу мусулманчылыктын, шарияттын жол-жобосун калкка жайылтуу менен адамдардын жүрүм-турум, кулк-мүнөзүн тазартуу, арууулукту арттыруу, боорукерликке, кайрымдуулукка үндөө максатын көздөйт. Санаттарында ушундай идеялар терең чагылышып, автордун позициясын ачык аныктап турат.

**3-параграф «Молдо Нияздын чыгармачылыгындагы салттуулук жана жанрдык көп кырдуулук»** – деп аталат. Мында ырчы санаттарында «жакшы аял», «жаман аял» жөнүндөгү салттуу лирикага жана сүйүү темасына кеңири орун берилген. Аялдар темасы фольклордо, ырчылар поэзиясында күрдөөлдүү тема катарында доордон-доорго, укумдан-тукумга уланып, турмушта да, калктын руханий дүйнөсүндө да өз маанисин жоготкон эмес. Жакшы аялдын «териси – булгаары», «эри – мырза» аталып, ырыскысы артат. Тескерисинче, жакшы аялдын сапатына жаман аялдын кылык-жоругу контрастта: «катының жаман болсо», акылың башыңдан таят, дос, тууганың алыстайт. Молдо Нияз жаман, жакшы аялга реалдуу мүнөздөмө берет. Акындын жаман аялды:

Аш кылса үстүн кыл кылат,
Алган эрин сил кылат.
Арам-алал аш кылып,
Ичкеннин көңлүн кир кылат[1] – деп сыпаттоосу анын кулк-мүнөзүнө, жүрүм-турумуна толук шайкеш. Жакшы аялга берилген:

Укурук бойлуу, узун чач,
Бели тутам, калем каш,
Колу чебер, кара каш – деген сыпаттоо автордун жакшы аялга берген мүнөздөмөсүнүн реалдуулугун тастыктайт.

Сыртынан караганда Молдо Нияздын ырлары ар кандай мазмундагы дигараст-санаттан гана түзүлгөндөй көрүнөт. Ал эми терең үңүлсөң, акындын чыгармачылыгынан кошок-жоктоо, көңүл айтуу–көңүл жубатуу, мактоо, кордоо, каргыш, алкыш, арноо, арман, сүйүү сыяктуу ар кандай жанр жана түрлөрдүн орун алгандыгына күбө болосуң.

[1] Молдо Нияз. Санат дигарасттар, 89-б.

Молдо Нияздын ырларында фольклордо салттуу жанрдан болуп, элдин каада-салтында алмустактан жашап келген жоктоо-кошок, көңүл айтуу–көңүл жубатуу арбын орун алган. Алар маңыз-мазмуну, жазылыш формасы, түзүлүш структурасы жагынан элдик салттуу поэзияга жакын. Мында да демейдегидей эле ириде өлгөн адамдын ата-теги, тирүүсүндө кылган иштери көтөрүңкү тондо баяндалат. Анын урук-тууган, эли-журту, маркумдун артына калтырган мурасы жөнүндө да кабар берилет. Ошондой эле, өлгөн адамга аза күтүү кайгысы да камтылат. Буга Алымкул, Дыйканбай жөнүндөгү жоктоо ырлар мисал болот. Автор ириде Алымкулдун:

Кыргыз, сарттын ичиде
Кыпчактан чыккан март эде.
Кызыл чаар шер эде,
Кыргыздан чыккан эр эде.
Кара чаар шер эде,
Карадан түшкөн эр эде.
Алыскы жоо-душманга
Айдыңы көп зор эде – деп, анын эрдигин, орустар менен катуу салгылашууда Чымкентти коргоп, Ташкенден түнөк алгандыгын, кошунун жыргатып, «кой кайтарган кыпчакты», «бада баккан кыпчакты» - баарын аза кылып, карадан чыгып, хан болгондугун баяндайт.

Айрым маалыматтарга караганда, Молдо Нияз төкмөчүлүктөн да куру алакан эмес сыяктуу. Тилекке каршы, бул тууралуу бирин-экин гана фактылар колго тийди. Ошондуктан жыйынтыктуу ой айтууну келечектин иши катарында санадык. Акындын айрым ырларынын эл арасынан табылышы, жергеталдык кыргыздардан да катталышы анын чыгармалары оозеки түрүндө да тараганбы деген ой туудурат. Келечекте бул маселенин такталышы да толук ыктымал. Ал эми жогоруда изилдөө обьектиге алынган фактылар Молдо Нияздын чыгармачылыгында жанрдык көп кырдуулуктун орун алышынын ачык далили болмокчу.

**4-параграф «Молдо Нияздын санаттарындагы тил каражаты жана көркөм поэтикасы»** делинип, бул изилдөөдө ырчынын чыгармаларын иликтөө, бир жагынан, тилибиздин фонетикалык, грамматикалык жана лексикалык курамына тиешелүү фактылар аркылуу тилдин тарыхын тереңдетип кароого мүмкүндүк түзөт. Экинчи жагынан, көркөм чыгармада тилдик каражаттардын кандай колдонулгандыгын айтууга жардам берүүчү XIX кылымдын



ортосундагы жападан жалгыз эстелик (кол жазма экендигине карабастан). Ошондуктан аны тил жагынан да, адабий (көркөмдүк) жагынан да иликтөө өтө жооптуу жана зарыл иш болуп эсептелет.

Дегинкиси, Молдо Нияздын чыгармаларынын тилин иликтөөнүн өтө татаалдыгы төмөнкү жагдайларга байланыштуу. Молдо Нияздын чыгармачылыгынын көрөңгөлөнүшүнө акындын алган билими, билесемдүүлүк деңгээли негизги фундаменттен болуп, фонетикалык, морфологиялык, лексикалык жагынан ошол учурда адабий тилдин негизги нормативин түзгөн араб, иран тилдеринин таасири күчтүү болгон. Бул акындын кол жазмасынан ачык эле көрүнүп турат. Ал жөнүндө алгачкылардан болуп, академик Б.М.Юнусалиев сөз козгогон. Анын ырларындагы фонетикалык, морфологиялык, лексикалык, диалектикалык өзгөчөлүктөргө эрудициясы күчтүү чоң окумуштуу конкреттүү талдоо жүргүзгөн. Дегеле, Молдо Нияздын тилин кандайча иликтөөнүн план–программасын аныктаган.[1] Экинчиден, акындын кол жазмасында ичкилик кыргыздардын диалектилик өзгөчөлүктөрүнүн сакталышы да иликтөө ишин бир топ кыймылдатат. Үчүнчүдөн, кол жазмадан чагатай китеп тилинин да таасири байкалат. Төртүнчүдөн, акын оозеки чыгармачылыгындагы жанр, түрлөрдү, калктын жандуу кебин кеңири пайдаланган.

Ошондуктан Б.М.Юнусалиевдин «Несмотря на довольно сильное влияние книжного чагатайского, а также изучавшихся в школе арабского и персидского языков язык исследуемой рукописи в целом характеризуется общекиргизскими и диалектими чертами в фонетике, грамматике и лексике. Любой, кто умеет правильно читать текст и знаком с современными данными киргизских диалектов, без труда заметит, что памятник написан живым разговорным киргизским языком» [2]- деген жыйынтыкка келиши да факты материалдардан, конкреттүү талдоолордон чыккандыгы талашсыз.

Б.М.Юнусалиев жазма эстеликтин лексикалык курамын жалпы кыргыз сөздөрү, диалектикалык жана китептик деп, үч чоң топко бөлөт. Ошондой эле, Молдо Нияздын чыгармаларында басымдуу жана көп колдонулган сөздөр катарында жалпы кыргыз лексикасын эсептейт. Алардын өзүн семантикалык, фонетикалык,

---

[1] Юнусалиев Б.М. Отражение диалектных особенностей в санатах Молдо Нияза //Тюркологические исследования. – Фрунзе,Илим1970. 48 – 72 с.
[2] Ошондо, 56-б.

морфологиялык түзүлүшү жагынан бардык кыргыз диалектилери менен жалпылыгын белгилейт. [1] Окумуштуу акындын санаттарын түштүк–батыш (ичкилик) диалектисинин фонетикалык, морфологиялык жана лексикалык өзгөчөлүктөрүн чагылдырып турган XIX кылымдагы кыргыз элинин кыргыз тилинде жазылган жазма эстелиги [2] деген тыянакка келет. Ичкилик демекчи, окумуштуулардын айтуусунда ичкилик аталган этникалык компонент XVII-XIX кылымдын аралыгында түштүк урууларынын составына кийин кошулуп, этникалык жана тилдик жагынан башка түштүк урууларынын кескин айырмаланып турат. Алардын тилинин диалектик өзгөчөлүктөрүн К.К.Юдахин [3], И.А.Батманов [4], Г.Бакинова [5] ж.б. белгилеп кетишкен. Молдо Нияздын чыгармаларында араб, иран тилдеринен өздөштүрүлгөн сөздөр кеңири орун алат, өз учурунда белгилүү даражада адабий тил катарында колдонулган чагатай тилинин да таасири ачык байкалып турат. Анын ичинен башка тилдерден кирип, ичкилик говоруна сиңип, диалектилик өзгөчөлүк катарында айтылып калгандары да бар.

Акындын кол жазмаларында учураган араб, иран сөздөрү: акмак (ахмак), акыл (акл), бейиш (джаннат), илим (илм), казы (газы), казат (газат), карып (гарып), бийлик (хөкүмат), акыйкат (хакыйкат), мурас (мирас), дүйнө (ээлэм), акыр (ахир), сурак (будак), урмат (хурмат), туткун (асир), жетим (йетим), заман (давр), пайда (файда), капыр (кафир), сопу (сопу), шейит (шахид), эч (хеч), ар ким (хар), падыша (падшоһ), беймаал (бемэл), ызаланган (мугамыр) ж.б. Ага айрым айыл (аил), бийик (бэлэнт), эрке бала (бай бэчэ), дан (галла), каз (газ), оору (кэсэл), куш (пэрэндэ), кичине (пэкэнэ), жапыс (пэст), улакчы (чаwандаз) сыяктуу тажик тилинен өздөштүрүлгөн сөздөр да кирген. Ошондой эле, эгиз (бийик), «батурлыгын бэрчэгэ» өңдүү чагатай тилинен китептик лексиканын киргендиги байкалат. Мында белгилөөчү бир маанилүү маселе автор араб, иран же тажик сөздөрүн

[1] Юнусалиев Б.М. жогоркуда аталган эмгеги. 68-б.
[2] Жогоркуда , 72-б.
[3] Юдахин К.К. Из ляйлякских материалов. Труд. вып.II. Мектеп –Ф.: 1948.
[4] Батманов И.А. К генезису диалектов киргизского языков. Труд. вып. I. –Ф.: Илим. 1944.
[5] Бакинова Г.Кыргыздардын Октябрь районунун говору боюнча материал. Труд.вып. III. –Ф.: Илим. 1951.



чыгармасына ал тилдердеги тыбыштык турпаты боюнча киргизбестен, көп учурда өздөштүрүлгөн формада колдонуп, ичкилик диалектисинин өзгөчөлүгүн түзгөн учурлары да бар. Ошондуктан Б.М.Юнусалиевдин Молдо Нияздын колкитептерин XIX кылымда кыргыз тилинде жазылган жазма эстелик катарында баалашы толук аныкталат.

Көркөм чыгарманын салмагы өз объектисине кирген материалдарга, тилдик көркөм каражаттарга байланыштуу. Материалсыз ой да жаралбайт, образ да түзүлбөйт, адабият да жашай албайт. Демек, материалдар – көркөм образдардын өзөгү, негизи, таянычы. Кыскасы, чыгармада көркөм образдардын жаралышы дайыма материалдарга муктаж, көз каранды келет. Молдо Нияздын чыгармачылыгынын кызыктуулугу анын тарыхый-турмуштун окуяларга байлыгы, акындын өз мезгилинде прогрессивдүү адабиятты түзгөн араб, иран булактары – жазма поэзия, менен тааныштыгы гана эмес, чет өлкөлөрдү да түндүк, түштүк кыргыздарды да аралап, жер-жердин каада-салты, үрп–адаты, жашоо шарты, турмуш-тиричилиги жөнүндө маалыматтуулугу, өз доорундагы атактуу инсандар менен баарлашып, карым–катнашта болушу, калк поэзиясын калпып өз боюна сиңиришине байланыштуу. Адабий чыгарманы көркөм чыгара турган – тил, конкреттүү атаганда сөз, ал көркөм адабият искусствосунан, чыгармаларынын, бардык элементтерин камтыйт. Натыйжада, көркөм чыгарма коомдук көрүнүштөрдү, адеп-ахлактык, нрава-этикалык түшүнүктөрдү сөз аркылуу берет. Кыскасы, сөз - адам баласынын оюн жана эмоциясын берүүнүн, турмуштун көп кырдуу жактарын өз бөтөнчөлүктөрү, өзгөчөлүктөрү менен ачуунун жандуу каражаты. Ал сөз көркөм чыгармада кургак гана тизмектелбестен, көркөм каражаттар менен жабдылып, көркүнө чыгып, өз максатына жетет. Диссертациялык иште Молдо Нияздын санаттары тилдик, поэтикалык жагдайда изилденди.

Биздин көп жылдар бою жүргүзгөн Молдо Нияз Эрназар уулунун акындык чеберчилиги боюнча илимий изилдөөбүздү корутундулап, илимий – методикалык эмгектерге, тууган уруктарынын айткан материалдарына таянуу жана ырчынын өмүр баянын, санаттарындагы тарыхый инсандарды, чыгармаларын илимий талдоого алуу менен төмөнкүдөй жыйынтыктарга келдик:

1. XIX кылымда кыргыз жергесиндеги коомдук-саясий, социалдык, экономикалык абал реалдуу, чындыктан тайбастан «таза» түрүндө санаттарында фактылар менен чагылдырган.

2. Изилдөөчүлөрдүн эмгектерине, кол жазмалар корундагы материалдарга, акын жашап өткөн айылындагы карыялардын, тууган - уруктарынын баяндоолоруна таянып, 1823-1900-жылдар аралыгында жашаган деген так бүтүмгө келдик.

3. Молдо Нияз өткөн доордогу тарыхый инсандарды өз көзү менен көрүп, баарлашкандыктан, чыгармасындагы Дыйканбай, Курманжан датка, Алымкул, Тайлак, Даткайым, Кымчабел ж.б. инсандар советтик системанын идеологиялык кысымында бир тараптуу каралып келген. Ал эми ырчынын санатында бул инсандар өз жүзүндөй берилип, саясаттын колу жетпей, тарыхый чындык менен шайкеш келип, эл үчүн жасаган иштерин башка сапатта кароого мүмкүнчүлүк түзүлдү.

4. Молдо Нияз өз заманынын ырчысы, анын санаттары өз мезгилинин адеп-ахлактык, орус оторчулук бийлигинин кыргыз жергесине орношун жеке автордук позициясы менен реалдуу баяндагандыгын диссертациялык жумушта анализденип чыгылды.

5. Ырчынын өмүр таржымалындагы санаттарынын баалуулугу – өзү жазып, колкитеп кылып түптөп, доордун социалдык абалын өз турпатындай берген азыркы мезгилдеги бирден-бир апыз.

6. Молдо Нияз ырчылар поэзиясындагы салттуулук темага кайрылып, Кыргызстандын түштүк-батыш чөлкөмүндө жашаган ичкиликтердин тилинде тарыхый инсандардын мүнөзүн ачып берген.



**Изилдөөнүн негизги мазмуну автордун төмөндөгү эмгектеринде чагылдырылган:**


1. Молдо Нияз – жазгыч акын. – Ош:, Билим, 1997.–32 б.
2. Махабатка болгон арзуу же Молдо Нияздын «Кымчабел» санаты жөнүндө // Көрүнүктүү тилчи Т.К. Ахматовдун 70 жылдык маарекесине арналган республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары. –Ош:, Билим, 1999, – 42 – 49-б.
3. Молдо Нияздын өмүрү // Индия и Кыргызстан: Взаимодействие цивилизаций. (К 140 – летию Рабиндраната Тагора) Материалы международной научной конференции. Часть I. – Ош:, Билим, 2001. – 56 – 61-б.
4. Молдо Нияздын өмүрү жөнүндө айрым тактоолор // Научные труды Ошского государственного университета, Выпуск I. – Ош:, Билим, 2001. –97 –105-б.
5. Молдо Нияздын санаттарында тарыхый инсандардын чагылышы //Вестник ОшГУ. Серия: Гуманитарные науки. Выпуск 2. – Ош, 2004. – 26 – 29-б.
6. Мээнеткеч акын //Известия вузов. Выпуск 4. –Бишкек,– 2004. – 36 – 41-б.
7. Молдо Нияз – саякатчы акын –Бишкек. //Известия вузов. Выпуск 4. – 2004. – 46 – 51-б.
8. Молдо Нияздын чыгармачылыгындагы салттуулук жана жанрдык көп кырдуулук //Вестник ОшГУ. Серия: Гуманитарные науки. Выпуск 1,2. –Ош:, Билим. - 2006. - 31-35-б.
9. Молдо Нияздын ырларындагы тил каражаты. Авторлош // Вестник ОшГУ. Серия: Гуманитарные науки. Выпуск 2. – Ош:, Билим, - 2006. – 17 – 20-б.

**Жеенбаев Гыламидин Ташполотовичтин «Молдо Нияздын акындык чеберчилиги» деген темада 10.01.01 кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражаны алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** Адабий мурас, XIX кылым, саясий социалдык абал, Молдо Нияздын чыгармачылыгы, кыргыздардын Россия империясына кошулушу, тарыхый инсандар, тилдик бөтөнчөлүк, поэтика.

Илимий иште азыркы эгемендүү өнүгүүнүн шартында, эң негизгиси – кыргыз элинин өзүнө таандык менталитеттик көрөңгөлөрдү аңдап-билүү, баалоо зарылдыгы пайда болуп турган чакта, XIX кылымда жашаган Молдо Нияз Эрназар уулунун чыгармачылыгы алгач ар тараптан комплекстүү изилдөөгө алынды.

Биринчи главада Молдо Нияздын чыгармачылык өнөрканасынын, социалдык көз –карашынын, философиялык арымынын XIX кылымдагы карама-каршылыктуу тарыхый жагдайда, бай адабият жана маданият чөйрөсүндө, мусулман окуусунун алкагында калыптанышы; ырчынын чыгармачылыгынын эволюциялык динамикалык өсүшү анализдөөгө алынды.

Экинчи главада акындын өмүрү боюнча тактоолор; өткөн доордогу тарыхый инсандарды чындыктын көзү менен башка сапатта кароо; ырчынын санаттарын, өз мезгилинин адеп –ахлактык нормаларын, орус оторчулук бийлигинин кыргыз жергесинде орношун автордук позицияда реалдуу баяндоо; санаттарындагы тил каражатынын пайдаланышы жана поэтикалык өзгөчөлүгү; салттуулук, аялдар темасына кайрылышына көркөм аңдалышына иликтөө жүргүзүлөт.

Изилдөөнүн негизинде: Жазгыч акын Молдо Нияз Эрназар уулунун кыргыз адабиятында алган орду аныкталып, өмүр баяны боюнча Дыйканбай, Курманжан датка, Алымкул, Акмат ж.б. тарыхый инсандарга объективдүү баа берилип, талдоого алынды. Ырчынын дүйнөгө болгон көз карашы анын жеке эрудициясына, дүйнөнү таануу, кабыл алуу, таанып билүүчүлүк, көркөм эстетикалык деңгээлине, билимине, талант-жигерине карата чечмеленди. Жазгыч акын Молдо Нияздын санат жанрын өркүндөткөндүгү анын чыгармачылыгынын элдик оозеки чыгармачылыктан айырмаланып, жазма поэзиянын калыбына түшкөндүгү аныкталды.



## РЕЗЮМЕ

**на диссертационную работу Жеенбаева Гыламидина Ташполотовича соискание ученой степени кандидата филологических наук «Мастерство акына Молдо Нияза» по специальности «10.01.01 - кыргызская литература»**

**Ключевые слова:** Литературное наследие, XIX век, социально-политическое положение, творчество Молдо Нияза, присоединение кыргызов Российской империи, исторические личности, языковая особенность, поэтика.

Диссертация состоит из введения, 2 глав и заключения. В конце приведен список использованной литературы и источников.

В диссертации впервые проводится всестороннее, комплексное исследование творчества одного из наиболее видных акынов XIX века Молдо Нияза сына Эрназара.

На первом главе рассмотрены такие проблемы как формирование социальных, философских воззрений акына; влияние мусульманской религии, литературы, культуры, противоречивых исторических условий того времени на становление его творчества; анализируется эволюционная динамика развития творчества акына.

На втором главе проведены уточнения биографического характера; в процессе изучения автобиографии рассматривается роль таких исторических личностей, как Дыйканбай, Курманжан датка, Алымкул, Акмат, в становлении самосознания кыргызского народа; дается реальное описание авторской позиции акына по отношению к установлению царской колониальной власти на земле кыргызов. Особое внимание обращено на исследование тематики, языковых средств, поэтического своеобразия произведений Молдо Нияза.

Исходя из цели данного исследования, в нем предпринята попытка определить место и роль самобытного акына-письменника Молдо Нияза в кыргызской литературе; проследить его творческий путь; обозначить круг тем и проблем, отраженных в произведениях акына; выявить своеобразие языка и поэтики произведений акына, а также его роль в развитии такого жанра как «санат»; уточнить отличия произведений Молдо Нияза от устного народного творчества, влияние акына на становление письменной поэзии.

Впервые в кыргызском национальном литературоведении исследовано творчество замечательного кыргызского акына-письменника, чье мировоззрение, личная эрудиция, познания, внутренний художественный опыт рассмотрен с учетом его художественно-эстетического уровня, знаний, таланта.

## The summary

**Of dissertation work of Jeenbaev Gulamidin Tashpolotovich on the competition of a scientific degree for candidate of philological science on a theme: "Moldo Niaz's writing (skills) creativity". 10.01.01 Kyrgyz literature.**

**Keywords:** Literature legacy, XIX century, social - polihicol (state), creation of moldohyas, Joining Kirghiz to Russian empire, hisfarical personality, particular of language, feature, poetic.

This dissertation consists of the introduction, two chapters and the comclusion.Used literature and other sources are listed at the end of this work.

The subject of this dissertation is about one of the most significant representatives of Kyrgys literature and poetry in the last $19^{th}$ century, Moldo Niaz.

Niaz's philosophy and observations of the cultural, political, and religious environment of his time are analyzed in this work. Other themes to be discussed, include his biography, his critique of relevant historical figures, his analysis of the foundation of Muslim teaching and of the evolutionary dynamics of akyn.

Through this work, Niaz's contribution as one of the first to provide a written history of the Kyrgyz people through his poetry, his creative talent and the scope of his moral and religious expertise are at last given the appraisal, they are clue after years of suppression by the former government.

For the first time of the national literature, this theme is being searched, as one of the most remarkable kyrgyz akyn-writer, whose erudition skills, literary experience taking into the consideration of his level, knowledge, talent.

Басууга 14-февраль 2008-жылы кол коюлду.
Офсеттик басуу. Көлөмү 1,3 б.т.
Форматы 21x14,8/16. Нускасы 100 даана.
И.Арабаев КМУнун алдындагы ГПТ «Мурас-басмасы»